Маметова Кызбурак Кожоевнанын 03.02.08 -экология адистиги боюнча "Шаар чөйрөсүн стресстик факторлордун таасирлеринен коргоодо парктык бак-дарактардын экологиялык ролу" аттуу темадагы диссертациялык ишинин баштапкы документтерин текшерүү боюнча

# АКТЫ

М. М. Адышев атындагы Ош технологиялык университетине, тең уюштуруучулар Ош мамлекеттик университети жана Б. Сыдыков атындагы Кыргыз-Өзбек Эл аралык университетине караштуу биология илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын коргоо боюнча түзүлгөн Д 06.23.663 диссертациялык кеңешинин эксперттик комиссиясынын курамы:

1. б.и.д, доцент Сакбаева Зулфия Исраиловна
2. б.и.к, доцент Осмонбаева Кымбаткуль Бейшеновна
3. б.и.к. Ташматова Нурила Кубатовна

2024-жылдын 29-ноябрында Маметова Кызбурак Кожоевнанын 03.02.08-экология адистиги боюнча биология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн "Шаар чөйрөсүн стресстик факторлордун таасирлеринен коргоодо парктык бак-дарактардын экологиялык ролу" аттуу темада жазылган диссертациясынын баштапкы документтерине текшерүү жүргүздүк.

**Комиссияга төмөндөгүдөй изилдөө материалдары берилди:**

Шнурланган жана номерленген иш дептери

1. 2020-2024-жылдардагы Ош шаарынын парктарындагы бак-дарактардын түрлөрүн изилдөөлөрүнүн жалпы журналы-1 даана.
2. 2020-2024-жылдардагы Ош шаарынын парктарындагы ызы-чуунун денгээлин өлчөөдөгү журнал-1 даана.
3. Дарактардын жалбырактарындагы оор металдарды изилдөөдөгү гербарийлер-17 даана.
4. Изилдөө жүргүзүү учурундагы сүрөттөр- 29 даана.
5. Диссертациянын натыйжаларынын жарыяланышы боюнча 11 макала.
6. Илимий иштин натыйжаларын ишке ашыруу актысы- 1 даана.

Текшерүүнүн жыйынтыгында төмөнкүлөр аныкталды: лабораториялык, талаалык эксперименталдык изилдөөлөр, алынган маалыматтарды математикалык-статистикалык иштеп чыгуу жана анализдөө жана Ош шаарынын Токтогул Сатылганов атындагы маданият жана эс алуу паркы, Алишер Навои паркы, Ата түрк атындагы парк, Космонавттар атындагы парк, Искак Раззаков атындагы парктарындагы 2020-2024-жылдардагы дарак жана бадалдардын түрлөрүн изилденген журнал жана парктардагы ызы-чуунун денгээли аныкталган дептерлер, ошондой эле парк дарактарынын жалбырактарындагы оор металдарды аныктоодогу

жалбырактардын кургатылган материалдары *Populus x canescens (Ait.) Smith.*, *Acer pseudoplatanus* L., *Platanus orientalis* L. жана *Juniperus Virginiana* L., *Salix babylonica* L. жалбырактарында оор металдарды изилдөө изилдөөчүнүн өзү тарабынан аткарылган жана журналдарда көрсөтүлгөн, талаалык изилдөөдөгү фенологиялык жана ызы-чуунун денгээлин аныктаган изилдөөлөр тиешелүү даталар менен бирге өлчөөлөрдүн сандык көрсөткүчтөрү, жасаган изилдөөлөрдү тастыктаган сүрөттөр жана ар бир журналдын номерленип тигилип, тажрыйба өткөрүлгөн мекеменин мөөрү менен тастыктаган. Изилдөөнүн жыйынтыктары, изилдөөгө тиешелүү болгон документтердин баары аткарылган изилдөөлөрдүн көлөмүнө дал келет жана бардык документтер туура толтурулган.

**КОРУТУНДУ**

Баштапкы текшерүүнүн жыйынтыгында Маметова Кызбурак Кожоевнанын 03.02.08-экология адистиги боюнча биология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган "Шаар чөйрөсүн стресстик факторлордун таасирлеринен коргоодо парктык бак-дарактардын экологиялык ролу" аттуу темасындагы диссертациясы иш жүзүндөгү изилденген маалыматтар менен туура келет. Аткарылган изилдөөлөрдүн ишенимдүүлүгү тууралыгы менен ырасталат жана аткарылган иштин бардык көлөмүн чагылдырат.

Ошентип, текшерүүнүн натыйжасында, Д 06.23.663 диссертациялык кеңешинин эксперттик комиссиясы Маметова Кызбурак Кожоевнанын диссертациялык ишиндеги жеке салымынын негизиндеги баштапкы материалдарынын аныктыгын ырастайт.

**Эксперттик комиссиянын курамы:**

**б.и.д, доцент** **Сакбаева Зулфия Исраиловна**

**б.и.к, доцент** **Осмонбаева Кымбаткуль Бейшеновна**

**б.и.к,** **Ташматова Нурила Кубатовна**

Эксперттик комиссиянын колдорун тастыктайм.
Д 06.23.663 диссертациялык кеңештин
окумуштуу катчысы, б.и.к., доцент З. А. Тешебаева

29.11.2024-ж.